***Мамбеталиева А.Т.***

# Жаратылыш ресурстарын эффективдүү пайдалануу жана андагы көйгөйлөр

***Аннотация:*** *Жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, курчап турган чөйрөнү коргоо, өндүрүш процесстеринин коопсуздугу жана калкты социалдык коргоо жактан нормалар менен талаптар иштелип чыгууда.*

***Annotations:*** *Rationally usage natural resources, save the nature environment, security at the manufacture, social questions, to develop police system etc.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Жаратылыш ресурстарын эффективдүү пайдалануу көйгөйлөрү.*


***Key words:*** *Problems of effectively using naturel resources.*

«Жаратылыш» долбоорун ишке ашыруу процессинде бийик тоонун олуттуу жаратылыштык-климаттык жана тоо-кен геологиялык факторлоруна жетиштүү баа бербөө менен байланышкан долбоорлорду түзүүдөгү каталыктар уулуу заттар аралашкан кен калдыктары төгүлүүчү дамбанын ордунан жылып кетиши, улам кайра пайдаланылуучу суу менен жабдуунун жоктугу жана башкалар сыяктуу бүтүндөй бир катар экономикалык, технологиялык жана экологиялык проблемалардын пайда болушуна алып келип, анын натыйжасында курчап турган чөйрөгө, ошондой эле курулуш курууда 310,6 млн. АКШ долларына зыян келтирилген.

Токойлордун Улуттук инвентаризациясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын токойлорунун Улуттук инвентаризациясын өткөрүү жөнүндөгү» №145 Токтомуна ылайык жүргүзүлдү. Бул токойлордун абалына, республикалык деңгээлде алардын сандык жана сапаттык мүнөзүнө объективдүү баа берүүгө түрткү болду, жана документтерди орто жана узак мөөнөттө пландоодо колдонулушу мүмкүн, ошондой эле токойлорду башкарууда негизделген чечимдерди кабыл алууга көмөк болот.


Эске сала кетсек, 2013-жылы сентябрь айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиктин ортосунда меморандумга кол коюлуп, Мамлекеттик агенттиктин атынан аталган долбоор аңчылык жана токой чарбасын уюштуруу Башкармалыгы тарабынан ишке ашырылган. Мунун жыйынтыгында Бириккен улуттар уюмунун тамак аш жана айыл чарба уюмунун ыкмасы боюнча токой ресурстарын Глобалдык баалоого багытталган жана дүйнөлүк стандарттарга, европалык маалымат системаларына дал келген Кыргызстандын баардык облустарында туруктуу сыналуучу аянттардын (трактардын) тармагын түзүү жолу менен токойлорду улуттук инвентвризациялоонун системасы биротоло иштелип чыкты.

Нарын облусундагы тракттардын жайгашуусу сүрөттө берилген.




**Нарын облусундагы тракттардын жайгашуу картасы**

Нарын облусунда бардыгы 200 тракт бар экендиги көрүнүп турат, анын ичинен көлдүн аймагында 2 тракт, Казакстандын аймагында – 2 тракт, деңиз деңгээлинен 3500 м жогору жайгашкан тракттардын саны – 60, иштөө үчүн – 150, анын ичинен 20 тракт татаалдыктын биринчи категориясына, 25 тракт экинчи категорияга, 100 тракт үчүнчү категорияга, 10 тракт төртүнчү категорияга кирет.




Бул токойлордун абалына, республикалык деңгээлде алардын сандык жана сапаттык мүнөзүнө объективдүү баа берүүгө түрткү болду, жана документтерди орто жана узак мөөнөттө пландоодо колдонулушу мүмкүн, ошондой эле токойлорду башкарууда негизделген чечимдерди кабыл алууга көмөк болот.

Жаратылыш ресурстарын натыйжалуу башкарууга жана аймакты өнүктүрүүгө жергиликтүү коомдорду тартуу жана түшүнүгүн жогорулатуу.

Айылды же аймакты өнүктүрүү көйгөйлөрүн чечүүгө жергиликтүү коомдордун ар түрдүү топторун натыйжалуу катыштырууну камсыз кылуу маанилүү. Жергиликтүү коомдордун муниципалдык ресурстарды бөлүштүрүү жана пайдалануу маселелерине, жаратылыш ресурстарын жана аймакты өнүктүрүүгө натыйжалуу катышуусу маанилүү;

Ар бир айыл аймагынын маанилүү ресурстук базасын – жергиликтүү жаратылыш ресурстары, жер, кыймылсыз мүлк объектилери түрүндө муниципалдык менчик түзөт. Бардык органдары жана алардын кызмат адамдары болгон ресурстук мүмкүнчүлүктү рационалдуу пайдалануунун жана өз аймагын өнүктүрүүгө инвестицияларды тартуунун зарылдыгын билүүсү маанилүү.

Өз жеринде бюджеттик саясат көмөкпул алуучу аймактарды азайтууга жана өнүктүрүүгө багыт алышы керек. Жалпы мамлекеттик ресурстарды кайра бөлүштүрүүгө гана күчтү жумшабай, болгон ички резервдерди өстүрүү жана натыйжалуу пайдалануу керек, ал жергиликтүү өнүгүүгө, бюджеттик каражаттарга жоопкерчиликтүү мамиле жасоого, негизделбеген чыгымдарды кыскартууга багытталат.

Органдар, башкаруунун башкы субъектиси катары жергиликтүү экономикага инвестицияны тартууга, жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн жаңы куралдарын пайдаланууга көңүл бурушу керек. Жергиликтүү өнүгүүнүн колдонулган программалары аракет кылуунун максаттуу индикаторуна ээ болушу зарыл, жумушсуздук деңгээлин жана жакырчылыкты азайтууга, акыркы натыйжага багыт алып, орто класстын өсүүсү үчүн жагымдуу шарт түзүүсү кажет. Алар аймактык жана тармактык өнүгүү программалары, болгон ресурстарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу менен дагы тыгыз байланышта болуусу керек.

Кыргыз Республикасындагы бардык айыл чарба жерлеринин 83% жайыт жерлери түзөт, алардын аймагында көптөгөн башка жаратылыш ресурстары, тактап айтканда, токойлор, дары чөптөр, бал чогултуу үчүн талаалар, жапайы жаныбарлар, минералдык ресурстар жана башка ушул сыяктуулар кездешет. Бул ресурстар жергиликтүү жамааттардын турмуш тиричилигинин негизги булактарына кошумча маанилүү толуктоо болуп эсептелет. Бирок, бүгүнкү күндө турмуштук мыйзамдын ченемдерин эске албаган жөнгө салуучу системанын шайкеш келбегендиги түрдүү пайдалануучу топтордун ортосунда көптөгөн чыр-чатактардын булагы болуп калды. Натыйжада жайыт ресурстарына карата түрдүү пайдалануучулардын ортосунда жөнгө салынбаган жагдай түзүлүүдө, бул болсо ресурстарды жырткычтык менен пайдаланууга, акыры аягында келип, алардын деградациясына алып келмекчи.

Макаланын негизги максаты – түрдүү жайыт ресурстарын ар түрдүү пайдалануучулардын жетүү жана пайдалануу боюнча де-юре жана де-факто жагдайын баалоо.

Тактап айтканда, изилдөөнүн натыйжасында түрдүү ресурстардын атаандашып жана параллелдүү пайдаланууну аныктап, айыл жерлеринде экономикалык туруктуу өнүгүүнү стимулдаштырып, жакырчылыкты кыскартууга багытталган мыйзамдык жана институционалдык өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн негизги ыкмасы түрдүү сапаттык ыкмалардын синтезине негизделген. Тактап айтканда, ал жаратылыш ресурстарынын тегерегиндеги турмуштук мыйзамдын мүнөздүү айырмачылыктарын изилдөөнүн негизги аспабы катары жергиликтүү иликтөөчүлөрдү камтыган.

Мындан тышкары керектөөлөрдү биргелешип баалоо, топтордо кеңири талкуулоо өткөрүү жана ар түрдүү жагдайларды талдоодон өткөрүү сыяктуу методдор пайдаланылган.

Жергиликтүү иликтөөчүлөрдү жайыт ресурстарын изилдөөлөргө тартуу. Тандалып алынган жергиликтүү иликтөөчүлөр айыл өкмөттөрүндөгү жаратылыш ресурстары, ошол ресурстардын абалы, жаратылыш ресурстарына калктын жетүү мүмкүнчүлүгү тууралуу маалыматтарды чогултууга катышышкан.

Жергиликтүү консультанттардын жана изилденүүчү жамааттагы иликтөөчүлөрдүн жардамы аркасында жаратылыш ресурстарынын биргелешкен картасын түзүү.

Жаратылыш ресурстарын жамааттык башкаруунун жумушчу тобун түзүү. Бирок, акыркы жылдарда өлкөдө жаратылыш ресурстарынын иши менен байланышкан эмгекти коргоону башкаруу тутумуна, коопсуздук техникасына, курчап турган чөйрөнү коргоого, экологиялык проблемаларга карата, салыктык жана ар кыл төлөөлөр боюнча коомдук пикир келишпестиктер күч алууда.

Иликтөө түрдүү деңгээлде түрдүү кызыкдар тараптарды камтыды. Тактап айтканда, изилдөө процессине курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбачылыгы боюнча мамлекеттик агенттиктин, айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигине караштуу жайыт департаменти, жеке сектордун (профессионалдык ассоциациялар, фармацевтик компаниялар), айыл өкмөттөрүнүн, өкмөттүк эмес уюмдардын жана жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү иштеп жатышат.

**Адабияттар:**

1. Пыткан А.Н. Атаандаштык чөйрөсүндө токой өнөр жай комплексинин өнүгүүсү. Екатеринбург: Институт экономики УрОРАН, 2006

2. Рунова Е.М., Гребенюк А.Л. Токойду колдонуунун туруктуу критерийинин негизинде токойлорду кайра иштетүү.

3. Бараканов Н., Килязова Н. Многолетние кормовые травы: Практические советы. – Бишкек: 2006.

4. Пенкина Л.М. Естественнные пастбища и этнокультурные традиции.

5. Куканов А.К. Экономическая оценка пашни и пастбищ. – Бишкек: Илим, 2012.

***Рецензент: э.и.к., доцент Асанов Ж.А.***